**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЧОН-АЛЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 16-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 12-майдын № 158 Манас айылы

**"Жер участогунун максаттуу багытын которуу тууралуу"**

Чоң - Алыш айыл аймагынын айылынын тургуну Кошалиева Орунай Асырановнага тийиштүү болгон Манас айылындагы Кутманалиев Сыйырбек көчөсүнүн № 79А дарегинде жайгашкан (6-04-10-1001-1163) жер тилкесин турак жай багытынан коммерциялык багытына которуу максатында (тез татым) жазылган арызын карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 12-13-24 - беренелерин жетекчиликке алып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезексиз 16-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын Манас айылынын тургуну Кошалиева Орунай Асырановнага тийиштүү болгон Манас айылындагы Кутманалиев Сыйырбек көчөсүнүн № 79А дарегинде жайгашкан (6-04-10-1001-1163) 1500,0 чарчы метр турак жай куруу багытындагы жер участогунун, 100,0 чарчы метр жер аянтын коммерциялык багытына которууга уруксат берилсин.

2. Курулуш жумуштары архитектура жана курулуш башкармасынан алынган юридикалык иш кагаздарынын жана бекитилген курулуш куруу документтеринин негизинде курулуштук нормаларды жана эрежелерди эске алуу менен жүргүзүлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Касымовго жүктөлсүн.

**Торага** **Т.Бешпеналиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЧОН-АЛЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 16-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 12-майдын № 159 Манас айылы

**2026-2030-жылдарга Чоң-Алыш айылдык аймагынын калкты социалдык жактап коргоо программаларын бекитүү жөнүндө**

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезексиз 16-сессиясы **токтом кылат:**

1. 2026-2030-жылдарга Чоң-Алыш айылдык аймагынын калкты социалдык жактан коргоо программалары тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. 2026-2030-жылдарга Чоң-Алыш айылдык аймагынын калкты социалдык жактан коргоо программаларын ишке ашырууну камсыздалсын;
   2026-2030-жылдарга Чоң-Алыш айылдык аймагынын калкты социалдык жактан коргоо программаны ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө айылдык кеңешке отчет берилсин.
3. Ушул токтом Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтында жарыялансын.
4. Чоң-Алыш айыл кеңешинин жооптуу катчысы бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Талас облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы билим берүү, саламаттыкты сактоо жана социалдык маселелери ММК коомчулук менен иш алып баруу жана депутаттык адеп, ишмердүүлүк боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**

Бекитемин
Чоң-Алыш айылдык
кеңешинин төрагасы
_________ Т.Э.Бейшеналиев
«___» _________ 2026 ж.

**2026-2030-жылдарга Чоң-Алыш айылдык аймагынын калкты социалдык жактан коргоо программасы**

## 1. Программаны иштеп чыгуунун принциптери жана эрежелери

Калкты социалдык жактан коргоо боюнча сунушталып жаткан программа (мындан ары – Программа) социалдык тобокелдиктерден жабыр тарткан же турмуштук оор кырдаалда турган жарандарды колдоого багытталган чараларды өзүнө камтыйт.

Программа төмөнкү принциптердин негизинде иштелип чыгат:

- ✓ Социалдык коргоо маселелерин чечүү ЖӨБ органдарынын компетенциясынын чегинде жүзөгө ашырылат;
- ✓ Жергиликтүү жамааттын жана калктын өзгөчө аярлуу топтору Программаны иштеп чыгуунун жана ишке ашыруунун бардык этаптарына тартылат;
- ✓ Программаны пландоо жана ишке ашыруу баскычтарында ЖӨБ органдарынын ачыктыгы жана отчеттуулугу;
- ✓ Программанын чаралары жергиликтүү бюджеттин жана башка булактардын эсебинен каржыланат.

## 2. Жумушчу топтун курамы:

Чоң-Алыш айылдык аймагынын ЖӨБдүн аткаруучу органы Калкты социалдык жактан коргоо программасын иштеп чыгуу максатында айыл өкмөтүнүн башчысынын 2026-жылдын 12-майындагы №___ буйругу менен төмөнкү курамда жумушчу топ түзүлдү:

1. Мадраимова Айнаш- айылдык кеңештин депутаты;
2. Мамадалиева Паризат- айылдык кеңештин депутаты;
3. Чегебаева Гулзат- айылдык кеңештин депутаты;
4. Касмалиева Гулжан- айылдык кеңештин депутаты;
5. Кабылов Рысбек- айыл башчы;
6. Атантаев Доктурбек- аксакалдар кеңешинин төрагасы;
7. Дүйшеналиева Алмаш- социалдык маселелер боюнчабашкы адистин м,а;
8. Дыйканбаева Рахат- соц кызматкер;
9. Орозбаева Анара- соц кызматкер;
10. Кутманалиев Талантбек- соц кызматкер;
11. Жолдошбекова Салтанат- Б.Жанузаков атындагы орто мектептин социалдык мугалими;
12. Айдарбекова Гулзат- А.Карыпкулов атындагы орто мектептин социалдык мугалими;
13. Дуйшекеева Зарина- А.Оторбаев атындагы орто мектептин социалдык мугалими;
14. Талантбек кызы Уулкелсин- Ш.Жумагулов атындагы орто мектептин социалдык мугалими;
15. Ботошева Акмарал-юридикалык маселелер жана мамлекеттик сатып алуулар боюнча кызматкер.

## 3. Статистикалык маалымат жана кырдаалдын сүреттөмөсү

| № | Калктын категориялары | Саны |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Кожолуктардын саны | 430 |
| 2 | Калктын саны | 2150 |
| 3 | Жаштар (18 жаштан 35 жашка чейинкилер) | |
| 4 | Эмгекке жарамдуу калктын саны | |
| 5 | Тышкы мигранттардын саны | 74 |
| 6 | Жөлөкпул алган үй-бүлөлөрдүн саны | 47 |
| 7 | Жарым-жартылай жетимдер | |
| 8 | Толук жетимдер | 4 |
| 9 | 18 жашка чыга элек майыптыгы бар адамдар | 48 |
| 10 | 18 жаштан ашкан майыптыгы бар адамдар | 252 |
| 11 | Мигранттардын балдары | 157 |
| 12 | Аярлуу топторго кирген үй-бүлөлөрдүн саны | 2 |
| Жумушчу топ социалдык жардамга муктаж деп аныктаган социалдык топтордун категориялары | | |
| 1 | Кирешеси 4409 сомго чейин болгон, калктын аярлуу топторуна кирген үй-бүлөлөр | 2 |
| 2 | Аярлуу топторго кирген балдар | 10 |
| 3 | 18 жашка чыга элек майыптыгы бар балдар | |
| 4 | 18 жаштан ашкан майыптыгы бар адамдар | |
| 5 | Оор турмуштук кырдаалда жашаган үй-бүлөлөр | 6 |

Чоң-Алыш айылдын аймагында "аярлуу топтордун" катарына аз камсыз болгон үй-бүлөлөр кирет. Аларда:

1) Өзүнүн турак жайы жок;
2) Туруктуу жумушу жана кирешеси жок;
3) Чарбасында бодо малы жана тооктору жок.

**4. Максаттуу топтор жана алардын муктаждыктары**

Социалдык кызматкер берген маалыматтын, ошондой эле жумушчу топтун мүчөлөрүнүн макулдашылган пикиринин негизинде 4 максаттуу топ аныкталды. Программа ушул төрт топту коргоого багытталат:

1) Айына кирешеси 1000 сомго чейин болгон аз камсыз болгон үй-бүлөлөр;
2) Калктын аярлуу топторуна кирген балдар;
3) Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген, 18 жашка чыга элек балдар жана чоң адамдар;
4) Турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөлөр.

1) **Аз камсыз болгон үй-бүлөлөр.**
2) Айылдык аймакта жогоруда көрсөтүлгөн критерийлерге 430 үй-бүлө туура келет жана төмөндөгү таблицада бул үй-бүлөлөрдүн кирешелери көрсөтүлгөн:
3)

| № | Кирешелердин градациясы | Үй-бүлөлөрдүн саны |
|---|---|---|
| | 1000 сомго чейин | 63 |
| | 2910 сомго чейин | 166 |
| | 4409 сомго чейин | 157 |

4) 430 үй-бүлөнүн ичинен 47 гана үй-бүлө, 185 балага 1200 сомдон жөлөкпул алышат.
5) Аз камсыз болгон 430 үй-бүлөнүн ичинен өтө жакыр үй-бүлөлөрдүн категориясына 100 үй-бүлө кирет. Ушул тапта бул үй-бүлөлөр жакырчылыктан чыгууга аракеттенип жатышат: 6 үй - бүлө саан уй сатып алышты жана сүт сатуудан түшкөн кирешеге мал алышууда, ошону менен чарбада малдын санын көбөйтүп, өз үй-

бүлөлөрүн камсыз кылып жатышат. Ал эми 22 үй-бүлө тигүү машинкаларын сатып алып, буйрутма менен иштеп жатышат. Бүгүнкү күндө 2 үй-бүлөнүн кирешеси айына орточо 25-30 миң сомду түзүп калды.

6) Белгилей кетсек, социалдык курамы боюнча калган 208 үй-бүлө да ар түрдүү, алардын арасында көп балалуу үй-бүлөлөр, майыптыгы бар адам жашаган үй-бүлөлөр жана турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөлөр, жалгыз бой (багар когору жоктор) бар:

   1. Көп балалуу үй-бүлөлөр – 43, алардын ичинен өтө жакыр үй-бүлөлөр – 8, аларда 4 жана андан көп баласы бар, жалпысынан 42 бала ушундай шартта жашайт.

   2. Майыптыгы бар адам жашаган үй-бүлөлөрдүн саны – 25.

   3. Турмуштук оор кырдаалда турган 6 үй-бүлө бар, мындай үй-бүлөлөрдө жалпысынан 18 бала жашайт.

   Программаны даярдоо процессинде ушул социалдык топтордун төмөнкүдөй муктаждыктары аныкталды:

- Жумуш орундары менен камсыз кылууга муктаж
- Азык-түлүккө муктаж
- Кыш мезгилине отун менен камсыз кылууга муктаж
- Үй куруу үчүн жер участокторуна муктаж
- Ичүүчү сууну үзгүлтүксүз алып турганга муктаж
- 

**2) Майыптыгы бар адамдар: балдар жана чоңдор.**

Айыл аймагында майыптыгы бар чоң адамдар 300 жана 18 жашка чыга элек 48 балдар жашайт. Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген 48 баланын 34тү гана мектепке барат, алардын ичинен 11и – кыздар. Үйдө 6 бала окуй албайт (ПМКнын чечими менен), анын ичинен бирөө кыз. Бир баладан башка бардык майып балдардын ата-энеси бар. Бала майыптыгы боюнча жөлөкпул жана пенсия алат, ар дайым көзөмөлдө турат жана эч нерсеге муктаж эмес.

Бойго жеткен калктын арасында жалпысынан майыптыгы бар 300 адам бар, алардын курамы төмөнкүдөй:

Чоң адамдардын арасында 4 адам төшөктө жаткан оорулуулар. Алардын ичинен бирөө – аял. Төшөктөн тура албаган оорулууларды туугандары багат. 2-3-топторгон кирген майыптардын 80 пайызга жакыны дыйканчылык менен алектенишет. Белгилей кетсек, майыптыгы бар бардык адамдар мамлекеттен майыптыгы боюнча жөлөкпул алышат. 18 жашка чыга элек 1-топтогу майыптар 8 000 сомдон, 2-топтогу майыптар 6 600 сомдон, 3-топтогу майыптар 5 400 сомдон алышат.

Жыл сайын ЖӨБ органдары Майыптар күнүнө карата майыптыгы бар адамдарга көңүл буруп турат.Ошондой райондук мамлекеттик администрация жана өкүлчүлүк тарабынан майрам күндөрү майып балдарга да көңүл буруп, жаңы жылга, 1-июнга жана 3-декабрга карата уюштурулган иш-чараларга балдарды чакырып, белек таратып, концерттик программа уюштурулат.

Программаны даярдоо процессинде ушул социалдык топтордун төмөнкүдөй муктаждыктары аныкталды:

1) 1 бала майыптардын арабасына муктаж;
2) Дары-дармектерге муктаж, себеби өз кирешеси тартыш;
3) Курорттук дарылоого муктаждык бар;
4) Медициналык кызмат көрсөтүүлөргө муктаждык бар;
5) Жумуш табуу үчүн кайсы бир кесипти үйрөнүүгө муктаждык бар;

6) Жумуш орундарын түзүүгө жана камсыз кылууга муктаждык бар;
7) Азык-түлүккө жана кийим-кечеге муктаждык бар.

**3) Турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөлөр**

Айылдык аймакта өтө жакыр шартта жашап, турмуштук оор кырдаалда турган 6 үй-бүлө бар, алардын жалпысынан 18 баласы бар.

Бул категорияга киргендер:

1. Азык-түлүккө жана кийим-кечеге муктаж
2. Киреше алып келүүчү ишке үйрөнүүгө муктаж

**5. Максаттуу топтордун өкүлдөрүн колдоо чаралары**

5.1 Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү кыш мезгилинде көмүр менен камсыздоо

2025-жылы 30 жакыр үй-бүлөгө жардам көрсөтүлүп, ар бирине 500 кг көмүр сатып берилет. Бул үй-бүлөлөрдө 1 адамдын айлык кирешеси 2910 сом болуп жатат. Чыгымдар төмөнкүдөй болот: 30 үй-бүлө * 500 кг көмүр * 8750 сом = 140 000 сом.

2025-жылы өтө оор абалда турган жана жардамга муктаж болгон 30 үй-бүлөгө 500 кг көмүр түрүндө жардам берүү пландалууда.

5.2. Ишке орноштуруу борборунда жумушка орношуу үчүн адистикке ээ болууга жана ишкердикти өнүктүрүүгө окутуу

Калктын аярлуу топторуна киргендер, анын ичинде аялдар жана жаштар үчүн Иш менен камсыз кылуу борборунда төмөнкү адистиктер боюнча окутуу уюштурулат: чач тарач, маникюр, электрик, газ-электр ширетүүчү. Окутуу акысыз негизде болот.

Жыл сайын окутууга 20дан адамды жиберип туруу пландалууда.

Окутуу 2026-жылдын апрелинен баштап уюштурулат.

Курстарга 3-топтогу майыптыгы бар адамдарды тартуу пландалып жатат.

5.3. Улгайган адамдарга жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга азык-түлүк менен жардам берүү.

5.3.1. Майыптар күнүндө 1-2-топтогу майыптыгы бар, жардамга муктаж 48 балага жана 152 чоң кишиге 700 сомго чейин азык-түлүк салынган баштыктар таратылат. Бюджети: 200 адам * 700 сом = 140 000 сом. 2026-жылы 140 000 сомго 200 адамга жардам көрсөтүлөт.

5.3.2. Карылар күнүнө карата 300 адамга түшкү тамак жана белек түрүндө жалпы суммасы 100 000 сомго колдоо көрсөтүлөт (1 адамга 300 сомго чейин).

5.3.3. Балдарды коргоо күнүнө карата майыптыгы бар 45 балага жана өтө жакыр үй-бүлөдө өсүп жаткан жана турмуштук оор кырдаалга кабылган 17 балага 400 сомго чейин белек түрүндө колдоо көрсөтүлөт. Белектердин жалпы суммасы 24 800 сом болот.

5.3.4. Аз камсыз болгон жарандардын кайрылуулары боюнча жардам көрсөтүү үчүн 100 миң сом өлчөмүндө каражат бөлүнүп турат.

5.3.5. Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча иш-чараларга жыл сайын 40 миң сомдон бөлүнөт.

Жардам көрсөтүү үчүн каражат жергиликтүү бюджеттен бөлүнөт.

**6. Калкты социалдык жактан коргоо программасынын бюджети**

| № | Иш-чаралардын аталышы | Программанын бюджети: жылдар боюнча чыгымдар | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 2024 | 2025 | 2026 |
| 1. | Карылар күнүнө карата 300 адамга түшкү тамак жана белек түрүндө жалпы суммасы 100 000 сомго колдоо көрсөтүлөт (1 адамга 300 сомго чейин). | 300 000 | 300 000 | 100 000 |
| 2. | Майыптар күнүндө 1-2-топтогу майыптыгы бар, жардамга муктаж 48 балага жана 152 чоң кишиге 700 сомго чейин азык-түлүк салынган баштыктар таратылат. Бюджети: 200 адам * 700 сом = 140 000 сом. 2026-жылы 140 000 сомго 200 адамга жардам көрсөтүлөт. | 140 000 | 140 000 | 140 000 |
| 3. | Аз камсыз болгондорго кайрылуулар боюнча жардам көрсөтүлөт | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| 4. | Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча иш-чаралар | 40,0 | 40,0 | 40,0 |
| **Баары** | | 600 миң сом | 600миңсом | 600 миң сом |

**7. Программаны ишке ашырууга мониторинг жана баалоо жүргүзүү.**

Программада көрсөтүлгөн бардык чаралардын аткарылышына мониторинг жана баалоо жүргүзүлөт. Бул үчүн жумушчу топтун мүчөлөрүнүн, ошондой эле кызмат көрсөтүүлөрдү колдонуучулардын катышуусу менен Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу (БМжБТ) түзүлөт. БМжБ тобунун курамы жергиликтүү кеңештин чечими менен бекитилет.

БМжБ тобу мониторинг жана баалоо жүргүзүү методикасын өз алдынча иштеп чыгат. Методиканын негизинде квартал сайын мониторинг боюнча иш-чаралар жүргүзүлүп, маалымат айыл өкмөтүнө жана жергиликтүү кеңешке берилет.

Ар жылдык мониторинг жана баалоо боюнча маалымат айыл өкмөтүнүн маалымат тактасына жарыяланып турат.

Мониторингдин негизги көрсөткүчтөрү:

1) Чаралар боюнча жыйынтыктарга жетишүүнүн сандык көрсөткүчтөрү:

- жыл сайын 500 кг кем эмес көлөмдө көмүр алган үй-бүлөлөрдүн саны.
- калктын аярлуу топторунун ичинен ишкерлик боюнча билим алган жарандардын саны.
- азык-түлүк баштыктарын жана белектерди алган жарандардын саны.

2) Программаны аткарууга бөлүнгөн каражаттарды чогултуу, бөлүштүрүү жана өздөштүрүү.

БМжБ тобунун ишинин жыйынтыгынын негизинде айыл өкмөтүнүн башчысы калкты социалдык жактан коргоо программасынын аткарылышы жөнүндө жыл сайын жергиликтүү кеңешке отчет берип турат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЧОН-АЛЫШСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 16-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 12-майдын № 160 Манас айылы

**Чоң-Алыш муниципалдык ишканасына субцидия берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 22-беренесине ылайык, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезексиз 16-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш муниципалдык ишканасына аз камсыз үй-бүлөлөргө жардам көрсөтүү, айылдагы негизги трасса чоң жол боюндагы, мекеме-уюмдардын, айылдардын ички көчөлөрүндөгү жана субботник учурундагы таштандыларды чыгаруу, таштанды таштоочу жайдын тегерегин түртүп тазалоо, жайыт жолдорду оңдоо, арык ичтерин тазалап-казуу, өзгөчө кырдаалдар учурундагы айыл өкмөтүнүн зарыл иш чараларын аткарууга айыл өкмөтүнүн эркин каражатынан 300000(үч жүз) сом субцидия бөлүнүп берилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н. Касымовко жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы билим берүү, саламаттыкты сактоо жана социалдык маселелери ММК коомчулук менен иш алып баруу жана депутаттык адеп, ишмердүүлүк боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Торага** **Т.Бекшеналиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЧОН-АЛЫШСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 16-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 12-майдын № 161 — Манас айылы

**Жайыттарды пайдалануунун 2026-2030-жылдарга карата планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 21-беренесине ылайык, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргы Республикасынын Мыйзамынын 34,39-беренелерин жетекчиликке алып, ошондой эле жерди пайдалануу, архитектура, курулуш унаа жолдор, мал чарбачылык, муниципалдык менчик, мыйзамды сактоо, укук тартиби боюнча туруктуу комиссиянын корутундуларын угуп жана талкуулап чыгып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезектүү 15-сессиясы **токтом кылат:**

1. Жайыттарды пайдалануунун 2026-2030-жылларга карата планы тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Ушул токтом Чон-Алыш айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтында жарыялансын.
3. Чоң-Алыш айыл кеңешинин жооптуу катчысы бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Талас облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жерди пайдалануу, архитектура, курулуш унаа жолдор, мал чарбачылыгы, муниципалдык менчик, мыйзамды сактоо, укук тартиби боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Торага** — **Т. Бешеналиев**

Тиркеме
Чон-Алыш айылдык кеңешинин
2026-жылдын 12-майдын №161
токтому менен бекитилди

**Жайыттарды башкаруу жана пайдаланунун 2026-2030-жылдарга карата планы**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Нускама Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын негизинде иштелип чыкты жана Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планын жана жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планын (мындан ары- Пландар) карап чыгуунун жана баа берүүнүн тартибин аныктайт.

2. Пландар, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы- айыл өкмөтү тарабынан иштелип чыгат.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Пландарды иштеп чыгууда Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамын жана башка Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын жетекчиликке алат.

4. Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги жайыт жерлерди пайдалануу маселелерин жөнгө салуу боюнча саясатты жүргүзүүчү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп эсептелет, ал эми жайыт башкаруу жана пайдалануу жаатында мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу боюнча функцияларды аткаруучу атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Асыл тукум мал чарба, жайыт жана тоют департаменти саналат, ал Пландардын колдонулушуна мониторинг жана жайыттардын пайдаланылышына көзөмөл жүргүзөт.

5. Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги (мындан ары - Министрлик) райондук маанидеги жерлерде райондук агрардык өнүктүрүү- түзүмдүк бөлүмдөрү бар, алар Министр тарабынан берилген өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде Министрликтин саясатын жеринде ишке ашырат жана иш-аракеттерди жүзөгө ашырат.

## 2-глава. Пландарды карап чыгуу жана баа берүү тартиби

6. Айыл өкмөтүнүн башчысы жергиликтүү жамааттын жыйыны (чогулушу) менен бир убакта Пландарды иштеп чыккандан кийин баалоо жөнүндө корутунду алуу үчүн коштоочу кат менен райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын кароосуна берет.

Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгы берилген Пландарды үч жумушчу күндүн ичинде карайт. Эгерде кемчиликтер аныкталса, айыл өкмөтүнө кемчиликтерди четтетүү жана Пландарды кайрадан иштеп чыгуу үчүн эки жумушчу күн берилет. Пландарды кароонун максималдуу мөөнөтү беш жумушчу күндү түзөт, ага кабыл алуу, изилдөө, кароо, кемчиликтерди жоюу, кайра иштеп чыгуу жана баалоо корутундусун берүү кирет.

Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган катары жогорудагы көрсөтүлгөн мөөнөттөрдүн чегинде, өзүнүн кароосу боюнча Пландардын кайсынысы болбосун текшерүүгө жана өзүнүн сын-пикирлерин жана сунуштарын берүүгө укуктуу.

Райондук агрардык өнүктүрүү башкармасы, жайыттарды башкаруу жана пайдалануу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жылына бир жолу бекитилген жана бекитилбеген

Пландарды кароодо райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын адиси пландарды иштеп чыгууга жана мазмунуна талаптар коюлган Типтүү жобонун 3, 4 жана 5-бөлүмдөрүн жетекчиликке алат.

Баалоо Пландын ар бир бөлүмү боюнча төмөнкү 5 баллдык шкала боюнча берилет:

1 – бөлүм жок же баалоочу бул бөлүмдүн мазмунун баалоо үчүн жетиштүү маалыматка ээ эмес.

2 – бул бөлүмдүн мазмуну иштеп чыгуу боюнча минималдык талаптарына жооп бербейт же жооп берет.

3 – бул бөлүмдүн мазмуну канааттандырат же иштеп чыгуу боюнча минималдык талаптарына жооп берет, бирок олуттуу кемчиликтери бар.

4 – бул бөлүмдүн мазмунун жакшы деп баалоого болот, мазмунунда оңой эле четтетилүүчү майда кемчиликтер бар.

5 – Бул бөлүмдүн мазмунун мыкты деп баалоого болот, бөлүмдүн мазмунунда эч кандай кемчиликтер жок.

Эгерде Пландар боюнча орточо жыйынтыктоочу балл болсо, анда:

-3,5 баллдан аз болсо, анда Пландарда олуттуу кемчиликтер бар жана аларды жакшыртууну талап кылат деп эсептеш керек. Демек, мындай баа берүү менен Пландарды жергиликтүү кеңешке бекитүүгө жиберүүгө болбойт. Ал эми, бул План райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгында бекитүү жол-жобосунан өтпөгөн жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына туура келбеген План деп эсептелет.

- 3,5 же андан көп балл алган, эң көп дегенде 5 балл алган План, Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына жана Пландарды иштеп чыгуунун Типтүү жобосунун негизги талаптарына ылайык келген План болуп эсептелет жана жергиликтүү кеңештин бекитүүсүнө жиберүүгө мүмкүн.

Пландарды кароонун жыйынтыгы боюнча райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгы тарабынан Пландарды баалоо жөнүндө корутунду чыгарылып, райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын башчысынын колу коюлуп, ушул Нускамада берилген формада райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын мөөрү менен күбөлөндүрөт.

Корутундуну алгандан кийин айыл өкмөтү Пландарды тиешелүү айылдык аймактын жергиликтүү кеңешинин бекитүүсүнө киргизет.

**Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планына баа берүү жөнүндө**

**КОРУТУНДУ**

Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планын (мындан ары-План) берген айыл аймак тууралуу толук маалымат:

| Облус | Район | Айылдык аймак | Мам.каттоо күбөлүгү серия, номер, күнү | ПЛАНДЫН № |
|---|---|---|---|---|
| Талас | Талас | Чоң-Алыш | | |

| | |
|---|---|
| Айыл өкмөтүнүн аты жөнү | Чоң-Алыш |
| Байланыш маалымат (телефон, электрондук почта) | chon_alysh2024@mail.ru |
| Планды райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгына кароого берген күнү | |

**ПЛАНДЫН МАЗМУНУ**

| № | | баа/балл | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1. | **Жалпы маалымат** | | |
| 1.1. | Айыл аймагы боюнча маалымат: географиялык орду, климаты, айылдары жана калкы | Талас районунун чыгыш-түндүк багыты | |
| 2.2. | Жер ресурстары | | |
| 2. | **ЖАЙЫТ РЕСУРСТАРЫ, ИНФРАСТРУКТУРА ЖАНА АЛАРДЫН АБАЛЫ** | | |
| 2.1. | Жайыт участокторунун картасы | | |
| 2.2. | Жайыт ресурстарынын жалпы мүнөздөмөсү (аянты, түшүмдүүлүгү, сыйымдуулугу, абалы) | 29557,9га | |
| 2.3. | Жайыт инфраструктура объектилери жана алардын абалы | Ондоп түзөөтүүгө муктаж | |
| 2.4. | Климаттын өзгөрүшүн эске алуу менен жайыттардын абалын баалоо анализи. | | |
| 3. | **МАЛДАРДЫН САНЫ, АЛАРДЫН ЖАЙЫТКА ЖАНА ДАЯРДАЛУУЧУ ТОЮТТАРГА БОЛГОН МУКТАЖДЫГЫ** | | |
| 3.1. | Быйылкы жылга шарттуу малдын башы | 8398 | |
| 3.2. | 5 жылга карата болжолдуу шарттуу малдын башы жана тоютка болгон муктаждык | | |
| | | | |
| 3.3. | Сезон боюнча жайыттардагы жана жайыттан башка дагы жер участокторундагы тоюттун көлөмү | 622.га көп жылдык чөп | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3.4. | Даярдалуучу тоюттун көлөмү | **93300 тонн** | |
| 3.5. | Тоют балансы | | |
| 4. | **5 ЖЫЛГА КАРАТА ЖАЙЫТТАРДЫ БАШКАРУУ ЖАНА ПАЙДАЛАНУУ, АЛАРДЫ ЖАКШЫРТУУ ЖАНА РЕАБИЛИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА ОРТО МӨӨНӨТТҮҮ ПЛАНЫ** | | |
| 4.1. | Фокус топторду сурамжылоонун жыйынтыктарынын негизинде жайыт пайдалануучулардын муктаждыктарын баалоо анализи | Жайыт жолдорун жана көпүрөлөрдү мал суу ичүүчү капташтарды ондоп түзөөтүү | |
| 4.2. | Жайыттардын абалына мониторинг жана баалоо жүргүзүү боюнча чаралары | Жайыт чөптөрүнүн уруктарын себүү ж.а жайыт жерлерин коруп эс алтуу | |
| 4.3. | Жайыттарды пайдалануу планы | График боюнча иш алып баруу | |
| 4.4. | Жайыттарды башка максаттарда башкаруу жана пайдалануу планы | Ижара келишимдерин өз убагында түзүү төлөмдөрдүү чогултуу | |
| 4.5. | Айлана чөйрөнү коргоо боюнча иш-чаралары | Жайыт пайдалануучулары мн тушундуруу иштери жургузулуп өз убагында жайыттарды пайдалануу | |
| 4.6. | Малдардын ден-соолугун коргоо боюнча чаралары | Вет.врачтар, малдын ден-соолугун коргоо комитети мн мезгилдуу иш-чараларды алпарууда | |
| 4.7. | Инвестициялар жана иш-чаралар. | | |
| 1 | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Демонтрациялык аянттарын түзүү | Чоң-Алыш АА | 05.2026-11.2027 |
| 2 | Тоют базасын жакшыртуу | Чоң-Алыш АА | 04.2026-05.2029 |

**Инфраструктураны жакшыртуу**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3 | Купкаларды капиталдык ремонттон өткөрүү | Чоң-Алыш АА | 05.2026-09.2026 |
| 4 | Көпүрө жолдорду калыбына келтирүү | Чоң-Алыш АА | 05.2026-09.2029 |
| 5 | Мал суу ичуучу капташтарды ондоп-түзөөтү | Чоң-Алыш аймагынын | 05.2026-09.2029 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жакынкы жайыттарында | |
| 6 | Асыл-тукум мал чарбасын өнүктүүрү | Чоң-Алыш АА | 2026-2027 |
| 7 | Көчмө пунктуларын түзүү | Чоң-Алыш АА | 2026 |
| 8 | Жайыт пайдалануучулар менен иш алып баруу | Чоң-Алыш АА | 05.2026-09.2028 |
| 4.8. | ЖБППнын аткарылышына мониторинг жана баалоо жүргүзүү боюнча чаралар | | |
| | **ЖАЙЫТТАРДЫ ПАЙДАЛАНУУНУН АР ЖЫЛДЫК ПЛАНЫ** | | |
| 5 | **ЖАЙЫТТАРДЫ ПАЙДАЛАНУУ ПЛАНЫ** | | |
| 5.1. | Айыл өкмөтүнүн иш аракеттеринин графиги | Жайыттардын пайдаланууу сезону жазгы-күзгүжайыттардын түшүмдүүлүгүн жогурулатуу | Иреттүү жайыт пайдалануу эрежелерин сактоо |
| 5.2. | Жайытты пайдалануунун сезондору | Жаз,Күз,Кыш. | Жай |
| 5.3. | 2025-2029 Жайыттардын абалына мониторинг жа балоо жүргүзүү боюнча беш жылдык планы. | | |
| | Орто жайыттар | Кара-Жылга | Жаз,күз |
| | | Сөгөт | Жаз,күз |
| | | Төшмашат | Жаз,күз |
| | | Ак-Сай | Жаз,күз |
| | | Үңкүр | Жаз,күз |
| | | Беш-Булак | Жаз,күз |
| | | Жоош | Жаз,күз |
| | | Апаш | Жаз,күз |
| | | Чырканак | Жаз,күз |
| | Алыскы жайыттар | | |
| | | Терс | жай |
| | | Үч-Чат | жай |
| | | Түз-Ашуу | жай |
| 5.4. | 2025-2029жылга карата шартуу мал башынын иш жүзүндөгү саны | 8398 | 9000 |
| 5.5. | 2025-2029-жылдарга карата жайыт которуу планы. | | |
| | Орто жайыттар | Төшмашат | Жаз,Күз |
| | | Ак-Сай | Жаз,Күз |
| | | Кара-Жылга | Жаз,күз |
| | | Сөгөт | Жаз,күз |
| | | Үңкүр | Жаз,Күз |
| | | Беш-Булак | Жаз,Күз |
| | | Жоош | Жаз,Күз |
| | | Апаш | Жаз,Күз |
| | | Чырканак | Жаз,Күз |
| | Алыскы жайыттар | | |
| | | Терс | Жай |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Үч-Чат | Жай |
| | | Түз-Ашуу | Жай |
| 6 | **ЖАЙЫТТТАРДЫ, ЖАЙЫТ ИНФРАСТРУКТУРАСЫН ЖАНА МАЛ ЧАРБАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ЖАКШЫРТУУ БОЮНЧА ИШ АРАКЕТТЕРДИН ПЛАНЫ** | | |
| 6.1. | Жайыттарды, инфраструктурасын жана мал чарбасын өнүктүрүүнүн жана жакшыртуунун планы | | |
| 6.2. | Малдын ден соолугун коргоо тобунун иш-чаралары | | |
| 6.3. | Айыл өкмөтүнүн бюджети | 36 360 000 сом | |
| 6.4. | Жайыттарды мал жаюу жана башка максаттарда пайдалануу үчүн жыйымдар | 224 000 сом<br>700 000сом<br>Жалпы 924 000 сом | |
| 6.5. | Жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планынын аткарылышына мониторинг жана баа берүү | 100% | |
| 7 | **ЖАЙЫТТЫ ПАЙДАЛАНУУ РЕЖИМИ ЖАНА БУЗУУЛАР ҮЧҮН ЖООПКЕРЧИЛИК** | | |
| 7.1. | Ички тартип эрежелери | | |
| 7.2. | Мал жаюу тартибин бузгандарга жоопкерчилик | | |

# ЖАЙЫТТАРДЫ БАШКАРУУ ЖАНА ПАЙДАЛАНУУ БОЮНЧА ПЛАНЫ

2026-2030-ЖЫЛДАРГА КАРАТА (5 жылга чейин)

## 1. ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

### 1.1. Айыл аймак боюнча маалымат -географиялык орду, климаты, айылдары жана калкы

Чон-Алыш айыл аймагы Манас облусунун борбордук бөлүгүндө жайгашкан.

Чон-Алыш айыл аймагынын климаты негизинен континенталдуу климаттарга кирет. Июнь айындагы абанын орточо температурасы +32+37°С, август айында + 25+30°С. Эң суук күндөр январь айына туш келет - 22-27 °С тен – 25-30°С ке чейин. Өтө ысык аба ырайы июль айында күтүлөт.

Чон-Алыш айыл аймагында 3 айыл бар. Манас айылы айыл аймактын административдик борбору болуп саналат.

2025-жылдын 1-январына карата маалымат боюнча айыл аймактын калкынын саны 9635 адам, түтүндүн саны 1700.

Калктын кирешесинин негизги булагы мал чарбасы түзөт. Айыл аймактын калкынын % мал чарбасында эмгектенишет, ____% -жер иштетүүчүлөр жана ____% башка тармактарда эмгектенишет.

**Калктын жана түтүндөрдүн саны тууралуу маалымат**

*1-таблица*

| № | Айылдын аталышы | 20 -жылдын башына карата | |
|---|---|---|---|
| | | Калктын саны (адам) | Түтүндүн саны |
| 1 | Манас | 4 622 | |
| 2 | Кара-Суу | 3 635 | |
| 3 | Чат-Базар | 1 278 | |
| 4 | | | |
| 5 | | | |
| | **Бардыгы:** | | |

### 1.2. Жер ресурстары

Айыл аймагындагы жайыт жерлерди кошкондо жер ресурстарынын жалпы аянты _ **75,993гектарды** түзөт, анын ичинен жайыт 29,557га.

Айыл аймакта узак мөөнөттүү пайдалануудагы участоктор бар, ошондой эле жайкы сезондо мал жаюу үчүн Мамлекеттик токой фондунун (МТФ) жайыттарын пайдаланышат. Айыл өкмөтү менен Токой чарбасын башкаруунун аймактык мамлекеттик органынын ортосундагы келишим №1 тиркемеде жана коңшу айыл аймактарынын___________айылдары.

Төмөнкү 2-таблицада айыл чарба жерлеринин категориялар боюнча аянты көрсөтүлгөн.

*2-таблица*

| № п/п | Айыл чарба жерлеринин түрлөрү | Айыл аймактын территориясында, га | Алардан башка, убактылуу пайдаланuudагы, га | | | Баардыгы, га |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | УМП | МТФ | Башкалардан | |
| 1 | Айдоо жерлер | | | | | |
| 2 | Көп жылдык өсүмдүктөр өстүрүлгөн жерлер | | | | | |
| 3 | Бак-дарактар-бадалдар өстүрүлгөн жерлер | | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 4 | Жайыттар | | | | | |
| 5 | Башка жерлер | | | | | |
| | **Жалпы:** | | | | | |

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери жана жоопту адамдары:**

*4-таблица*

| № | Аты-жөнү | Кызмат орду, Мекеме | Электрондук почта | Байланыш телефону |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Бейшеналиев Т.Э. | Жергиликтүү кеңештин төрагасы | | +996 502 200169 |
| 2 | Касымов Н.М. | Айыл өкмөт башчысы | | +996 705 052680 |
| 3 | Байсалов У.М. | Малдардын ден соолугун коргоо тобунун башчысы | | +996 706 280178 |
| 4 | Аманжолов А. Рыскулов Ө. | Жайыт боюнча адис | | +996 707 689568 |

# 1. ЖАЙЫТ РЕСУРСТАРЫ, ИНФРАСТРУКТУРА ЖАНА АЛАРДЫН АБАЛЫ

## 2.1 Жайыт участокторунун картасы

**Карта №1**



*Жайыт участогунун инфраструктурасы*

**Карта №2**




**2.2 Жайыт ресурстарынын жалпы мүнөздомосү (аянты, түшүмдүүлүгү, сынымдуулугу, абалы)**

Чон-Алыш айыл аймагынын учурдагы жамаатгык мал жаюу системасы 9 участокту же жайыттарды башкаруунун 3 зонасын (жайлоолор) камтыйт. Ошондой эле, түшүм жыйналып алынгандан кийин айдоо жерлерге, коп жылдык өсүмдүктөр өстүрүлгөн жерлерге мал жайылат. Ар бир жайлоолордо талаа жана шалбаалуу талаа жайыттары бар. Пайдалануу мезгили боюнча жайыттар жазгы-күзгү, жайкы, кышкы болуп бөлүнөт, бирок чындыгында жайыт мезгилдерге жараша жаз-жай, жаз-жай-кыш; жай; күз-кыш жана жыл бою пайдаланылат.

Чон-Алыш айыл аймагында колдонулбаган жайыттар бар (эгерде бар болсо) жок (участоктун аталышы жана эмнеге колдонулбайт /себебин түшүндүрүү, мисалы: отоо чөп баскан, ууланган, бадалдар өсүп кеткен, таштак, зоокалуу, тик, оор климаттуу жана башка).

Жайыт участокторунун мүнөздомөлөрү боюнча таблица

*№5*

| № | Участоктун аталышы | Колдонуу сезону (Карта №1) | Жайыттарды[illegible] башкаруу | Жайыттар, га | | | Жалпы мал жайытуучу участок, га |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Жалпы аянты | Анын ичинен | | |
| | | | | | Колдонулбаган | Колдонулган | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Кара-Жылга** | **жаз,күз,кыш** | 352 | | | 352 |
| 2 | Сөгөт | жаз,күз,кыш | 715 | | | 715 |
| 3 | Төшмашат | жаз,күз,кыш | 90 | | | 90 |
| 4 | Ак-Сай | жаз,күз,кыш | 2900 | | | 900 |
| 5 | Үңкүр | жаз,күз,кыш | 1540 | | | 540 |
| 6 | Жоош | жаз,күз,кыш | 815 | | | 815 |
| 7 | Беш-Булак | жаз,күз,кыш | 3188.3 | | | 2700 |
| 8 | Чырканак | жаз,күз,кыш | 5300 | | | 4300 |
| 9 | Апаш | жаз,күз,кыш | 2300 | | | 2300 |
| **Жалпы:** | | | **12712** | | | **12712** |
| **Алыскы баалу жайыттар** | | | | | | |
| 7 | Түз-Ашуу | | 7539 | | | 7539 |
| 8 | Үч-Чат | | 3559 | | | 2559 |
| 9 | Терс | | 1259.6 | | | 1259.6 |
| **Жалпы:** | | | **11357.6** | | | **11357.6** |
| **Жалпы:** | | | **29557.9** | | | **29557.9** |

**Жайыттардын түшүмдүүлүгү, сыйымдуулугу жана алардын абалы**

Жайыттардын түшүмдүүлүгү: жайкы 3460ц/га; жазгы-6201ц/га; кышкы-6800ц/га жана күзгү-6300ц/га. Түшүмдүүлүгү азыраак жайыт участоктору жыл бою пайдаланыла турчулар. Калктуу конуштарга жакын жайгашкан Кунгөй,Жоош,Беш-Булак,Чырканак,Кара-Булак,Сүттүү-Булак жана жыл бою пайдаланылуучу участокторду кошпогондо, жайыт аянтындагы малдын жүгү жайыт участокторунун сыйымдуулугуна туура келет.

Башкаруу планына ылайык, 05.2025-09.2029 жыл аралыгында жайыттардын абалына мониторинг жана баа берүү негизги жайыттын участоктору Кара-Жылга,Сөгөт,Төшмашат,Ак-Сай,Үңкүр,Чырканак,Апаш,Беш-Булак,Жоош участогунда, Үч-Чат,Түз-Ашуу жайлоосунда жүргүзүлдү.

Жайыттардын абалына мониторинг жана баалоонун жыйынтыктары боюнча мурдагы кургакчыл жылдардын жана малдын ашыкча жайылышынын таасири алдында. Күнгөй жайыт участогу женил деградацияланган орто. Калган участоктордун абалы жакшы. Баалоонун орточо баллы 3 түзөт. *(Толук маалымат менен Excel программасында тиркемеден таанышса болот)*

**2.3 Жайыт инфраструктура объектилери жана алардын абалы**

Айыл өкмөтү түзгөн жумушчу топ айыл аймактын жайыттарындагы инфраструктуранын абалына анализ жүргүздү. Айыл аймактын территориясында ветеринардык аптека, купка жана Беккари чуңкурчасы бар. Ушул объектилер жакшы абалда жана иштеп жатат. Айыл аймакта жайыттарга алып баруучу 79км жол бар. Анын

Инфраструктура

ичинен 30км начар абалда турат. 11 көпүрөлөрдөн 3 көпүрө кооптуу абалда турат. 10 мал суу ичүүчү жайлардын 7 ремонт же калыбына келтирүү талап кылынат.

*(Толук маалымат тиркемеде көрсөтүлгөн)*

## 2.4 Климаттын өзгөрүшүн эске алуу менен жайыттардын абалын баалоо анализи

Чон-Алыш айыл аймагында акыркы жылдары аба ырайынын өзгөрүүсү байкалууда: 2025-жыл кургакчыл болгон, жайы жаан-чачынсыз жогорку температурада болгон. Жайыттарда чөптөр күйүп, кээ бир булактар соолуп, мунун баары малдын продуктуулугуна терс таасирин тийгизген. 2024-жылы жаз-жай айларында жаан-чачындын көп жаашы жайыттардын өсүмдүктөрүнө жакшы таасирин тийгизген, бирок ошол эле учурда, малды жайкы жайыттарга өз убагында айдап чыгууда кыйынчылыктар болгон.Өзөндөн сел жүрүп транспорт каттоочу жолдор бузулуп, мал суу ичүүчү каптаигарды сел каптап жайыт пайдалануучуларга оорчулуктарды жаратты.

Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин маалыматы боюнча айыл аймагында сел жүрүү коркунучу бар жайыт участкалары Чырканак,Ак-Сай,Беш-Булак,Төшмашат жер көчкү жүрүү коркунучу бар жерлер бар. Бул участкалардагы жайыттарды пайдалануу планын түзүүдө. Кыргызгидромет тарабынан иштелип чыккан аба ырайынын болжолдоолору жана Эрте кабарлоо системасынын маалыматтары колдонулат.

Климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлаштыруу боюнча негизги жумуш:

- өзгөчө кырдаалдарды (сел, катуу суук жана жаан-чачындар, жер көчкүлөр, кургакчылык ж.б. дуушар болуучу территориялар) болжолдоо мониторингинин натыйжалары боюнча иш-чараларды пландаштыруу.
- жайыт пайдалануучуларга климаттын өзгөрүшүнүн жайыттарга жана малдын продуктуулугуна тийгизген таасирин түшүндүрүү;
- жайыттардын сыйымдуулугуна жараша мал жаюунун планын иштеп чыгуу менен, ага жылдын аба ырайы да таасир этет;
- деградацияланган участкаларга жайыттарды которуштуруп пайдалануу;
- жайыттарды эс алдыруу жана пайдалануу моонөтүн жөнгө салуу;
- инфраструктураны жакшыртуу, куруу жана реабилитациялоо (сарайлар, көп жылдык чөптөрдү себүү, жер семирткичтерди берүү, сугат жерлерин түзүү ж.б.);
- кышкы тоюттандыруу үчүн дагы, кургакчылык учурунда дагы тоюттун камсыздандыруу запастарын көбөйтүү;
- климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашкан жаныбарлардын тукумдук курамын жакшыртуу.

# 3. МАЛДАРДЫН САНЫ, АЛАРДЫН ЖАЙЫТКА ЖАНА ДАЯРДАЛУУЧУ ТОЮТТАРГА БОЛГОН МУКТАЖДЫГЫ

## 3.1. Быйылкы жылга шарттуу малдын башы

2025-жылдын 1-январына карата айыл аймакта эсептелип чыккан малдын башы 8398 түзгөн (6-таблица). Малдын бир нече түрү багылат, жана алардын ар бир түрүнө карата күн сайын жана ай сайын канча кургак зат керектелери эсептелген. Жергиликтүү фермерлердин көпчүлүгү негизинен сүт жана эт өндүрүү үчүн бодо мал кармайт. Сүт базарда жана сүт жыйноочуларга сатылат. Жылкыны кымыз өндүрүү жана айыл чарба жумуштарын аткаруу үчүн багышат.

***2026-жылга карата малдын башы жана түрүнө жараша тоюттун керектелиши***

***6-таблица***

| Тоюттарга негизги муктаждык 1 ШМБ =300 кг<br>(________ А/А 1 үй = 1,13 ШМБ, жылкы = 1,3 ШМБ) | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| № | Малдардын түрү | Саны | Коэффиц иент* | ШМБ эквиваленти | Суткалык керектөө, кг | Кургак затка муктаждык, |
| | | C | D | E=C*D | F | G=E*F |
| 1 | Ири мүйүздүү мал | 1 018 | 1,00 | 1 018 | 7,5 | 7 635 |
| 2 | Торпоктор (1 жашка чейин) | | 0,7 | 0 | 7,5 | 0 |
| 3 | Кой-эчкилер | 22 508 | 0,2 | 4 502 | 7,5 | 33 762 |
| 4 | Жылкылар | 1 772 | 1,0 | 1 772 | 7,5 | 13 290 |
| 5 | Тайлар (1 жашка чейин) | | 0,7 | 0 | 7,5 | 0 |
| Бардыгы: | | 25 298 | | 7 292 | 7,5 | 54 687 |
| Кургак заттын жылдык керектелиши | | | | | | 19960 755 |

***Коэффициент** – Малдардын тирүүлөй салмагын аныктоо боюнча ыкмасынын жыйынтыктарынан алынган (2-тиркемени караңыз).*

### 3.2. 5 жылга карата болжолдуу шарттуу малдын башы жана тоютка болгон муктаждык

2026-2030-жылдарга малдын ар кандай түрлөрү боюнча өсүү темпинин негизинде айыл чарба малынын санынын өсүү болжолуна талдоо көрсөткөндөй, орточо жылдык өсүш 05% түзөт, 2025-жылга карата ШМБ 8938 башты түзөт жана 19960 755 тонна кургак зат талап кылынат.

**7-таблица**

| № | Малдардын түрү | Орточо жылдык өсүш +/- | Малдын түрү боюнча малдын шарттуу башынын орточо жылдык өсүшү тууралуу маалымат | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | % | 2025-ж | 2026-ж | 2027-ж | 2028-ж |
| | | | C=(G*K%)+G | D=(C*K%)+C | E=(D*K%)+D | F=(E*K%)+E |
| 1 | Ири мүйүздүү мал | 1018 | | 0 | 0 | 0 |
| 2 | Торпоктор (1 жашка чейин) | | | 0 | 0 | 0 |
| 3 | Кой-эчкилер | 22508 | | 0 | 0 | 0 |
| 4 | Жылкылар | 1772 | | 0 | 0 | 0 |
| 5 | Тайлар (1 жашка чейин) | | | 0 | 0 | 0 |
| Баардыгы ШМБ | | 7291.6 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| ШМБ кургак затка болгон муктаждыгы жылдар боюнча | | | 0 | 0 | 0 | 0 |

### 3.3. Сезон боюнча жайыттардагы жана жайыттан башка дагы жер участокторундагы тоюттун көлөмү

**8-таблица**

| Сезон | Жалпы аянты, га | Жайыттар | | | Жайыттардан башка жерлер | | | КЗ баардык дүн түшүмү, кг | Коэффициентти эске алуу менен керектелген КЗ, кг 50-60% |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Аянты | Түшүмдүүлүгү*КЗ кг/га | КЗ дүн түшүмү, кг | Аянты | Түшүмдүүлүгү*КЗ кг/га | КЗ дүн түшүмү, кг | | |
| Жазгы | 4 206 | 880 | ###### | | | | 0 | 0 | 0 |
| Жайкы | 9 280 | 760 | 70 528 | | | | 0 | 0 | 0 |
| Күзгү | 4 206 | 680 | 28 600 | 19448 000 | | | 0 | 19448 000 | 9724 000 |

Ар бир жайыттын орточо түшүмдүүлүгү (жайыттарда жана жайыт участокторунан башка жерлерде тоюттун болушун сезон боюнча эсептөөдө жана талдоодо) ар бир чарчы метрге бааланган, кургак заттар таразага тартылып, колдо болгон чөптү аныктоо жана кг/га негизинде бааланган. Жайыттарда жаюунун жол берилген ченемдери орто эсеп менен 50-60% түзөт.

### 3.4 Даярдалуучу тоюттун көлөмү

Даярдалуучу тоюттун түшүмдүүлүгүнүн маалыматы 2026-ж. статистикалык маалымат боюнча алынды.

**9-таблица**

| № | Тоюттун түрү | Айдоо жерлердин аянты, га | Түшүмдүүлүк, кг/га | Дүн жыйым, в кг | 1 күнгө/ ШМБ | 1 айга/ ШМБ | Короодо кармоо мезгили/ ШМБ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | C | D | E=C*D | F=E/7,5кг | G=E/ (7,5*30,4) | H=E/ (7,5*136күн) |
| 1 | Көп жылдык чөптөр (Эспарцет, беде 3-4 чабык) | 227 | 5 183 | 1176 541 | 156 872 | 5 160 | 1 153 |
| 2 | Арпа саманы | 45 | 887 | 39 915 | 5 322 | 175 | 39 |
| 3 | Буудай саманы | 38 | 990 | 37 620 | 5 016 | 165 | 37 |
| 4 | Жүгөрү саманы | 27 | 5 933 | 160 191 | 21 359 | 703 | 157 |
| | **Бардыгы** | | | **1414 267** | **188 569** | **6 203** | **1 328** |

### 3.5 Тоют балансы

Жайыттардын түшүмдүүлүгүнө жана колго даярдалуучу тоюттардын көлөмүнө жүргүзүлгөн анализге ылайык, айыл аймакта жайыт жана даярдалуучу тоюттар жетиштүү өлчөмдө камдалган. Малды кыш мезгилинде тоют менен камсыздоо үчүн жетиштүү көлөмдөгү тоют даярдалат, анткени айдоо аянттары айыл аймактын ар бир тургунуна малды багууга жетиштүү өлчөмдөгү жер үлүшү бөлүнүп берилген.

**2026-жылга карата жана ар бир мезгилге жараша тоют балансы**

10-таблица

| Мезгилдер | Күндөр | Тоют ресурстары | Малдын тоютка болгон муктаждыгы | Колдо бар тоюттун көлөмү | Камсыздуулук +/- | Тоют камсыздуулугу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | D | E | F=D-E | G=E/D*100 |
| | | | (КЗ/тонна) | | | % |
| Жаз | 61 | Жайыт тоюттары | 880 | | | |
| | | Даярдалуучу тоюттар | | | | |
| | | **Жалпы** | | | **0** | |
| Жай | 92 | Жайыт тоюттары | 760 | | - 760 | |
| | | Даярдалуучу тоюттар | | | 0 | |
| | | **Жалпы** | | | **0** | |
| Күз | 76 | Жайыт тоюттары | 680 | | - 680 | |
| | | Даярдалуучу тоюттар | | | 0 | |
| | | **Жалпы** | | | **0** | |
| Кыш | 136 | Жайыт тоюттары | 460 | | | |
| | | Даярдалуучу тоюттар | | | 0 | |
| | | **Жалпы** | | **0** | **0** | |

# 4. 5 ЖЫЛГА КАРАТА ЖАЙЫТТАРДЫ БАШКАРУУ ЖАНА ПАЙДАЛАНУУ, АЛАРДЫ ЖАКШЫРТУУ ЖАНА РЕАБИЛИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА ОРТО МӨӨНӨТТҮҮ ПЛАНЫ

## 4.1 Фокус топторду сурамжылоонун жыйынтыктарынын негизинде жайыт пайдалануучулардын муктаждыктарын баалоо анализи

Айылдардын жалпы чогулуштарында жана жыйындарында төмөнкү артыкчылыктуу багыттар аныкталды, аларды чечүү климаттын өзгөрүү шарттарында жайыт пайдалануучуларга ыңгайлашууга жана туруктуу өнүгүүгө мүмкүндүк берет:

*Өнүктүрүүнүн артыкчылык багыттары*

11-таблица

| № | Маселе | Иш-чара | Күтүлүүчү жыйынтык |
|---|---|---|---|
| | ***Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча*** | | |
| 1 | Төшбашат, Ак-Сай участкаларда деградациянын белгилери байкалууда | Жайыттардын абалына мониторинг жана баалоо жүргүзүү | Деградациянын себептери аныкталып, алардын алдын алуу боюнча чаралар белгиленди |
| 2 | Чырканак участкалардагы ротацияны бузгандыктан малдын | Жайыттардагы сезондук ротацияны жакшыртуу жана эс алдыруу менен мал | Сезондук которуштуруп айдоону киргизүүнүн натыйжасында жакынкы жайыттар жайында толугу менен эс алат, мунун |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | көп жайылышы байкалууда | жаюу системасын жакшыртуу | натыйжасында чөптөр калыбына келтирилет. |
| 3 | Беш-Булак Төшбашат Үнкүр жайыт участоктору отоо чөптөр менен капталган (мисалы караган) | Бадал менен күрөшүү чараларынын системасын иштеп чыгуу | Жүргүзүлгөн иш-чаралардын жыйынтыгында мал жаюу үчүн 11+9га жайыт жеткиликтүү болот. |
| 4 | Жаныбарлар ысык стресстен кутулууга же ташуу учурунда аба ырайынын начардыгынан баш калкалоого ________-жайыттарда ...... жаныбарлар үчүн эс алуу жайлары жана коргоочу көчөттөр жок. | Жаныбарлар үчүн баш калкалоочу жайларды куруу, коргоочу көчөттөрдү отургузуу | Баш калкалоочу жайларды куруунун, бак-дарактарды отургузуунун жыйынтыгында, ысык же бороондуу күндөрдө жаныбарлар баш калкалоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат, натыйжада продуктуулугу стресстүү шарттарда төмөндөбөйт. |
| 5 | Жазгы мезгилде жайыт тоютунун жетишсиздиги байкалган. | 30 га участокго эспарцет үрөөнүн себүү менен сыноо жүргүзүү | Маданий жайыттарды түзүүнүн натыйжасында бул районодо пор-циялуу мал жаюуну уюштурууга мүмкүнчүлүк түзөт. Бул жазгы жаратылыш аймактарына жүктү азайтат. |
| ***Жайыт инфраструктуралары боюнча*** | | | |
| 1 | | | |
| 2 | | | |
| 3 | | | |
| ***Мал чарбасы жана малдын ден-соолугун коргоо боюнча*** | | | |
| 1 | | | |
| 2 | | | |
| 3 | | | |
| ***Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалын жогорулатуу*** | | | |
| 1 | Мамлекеттик жайыт жерлерин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан натыйжалуу жана | Жайыттардын абалына мониторинг жана баалоо жүргүзүү боюнча окутууларды уюштуруу | Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн билимдери |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | сарамжалдуу башкаруу үчүн | Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планды жана жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планын иштеп чыгууну жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына окутуу | жогорулатылды, бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин жакшыртууга мүмкүндүк берет |
| | | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүн жайыттарды башкаруунун укуктук негиздери боюнча окутуу | |

### 4.2 Жайыттардын абалына мониторинг жана баалоо жүргүзүү боюнча чаралары

Айыл аймагында жайыттарды туура пайдалануу үчүн ______, _______ (участкалардын аталыштары) участоктору атайын тандалып алынган, бул аймактарда жыл сайын жайыттардын абалына мониторинг жүргүзүлүп, алынган натыйжалар башка ушул сыяктуу жайыт участкаларынын абалына баа берүү үчүн колдонулат. Мониторингдин жыйынтыктары жайыттарга мал жаюу системасын жана абалын жакшыртуу боюнча чараларды тууралоо үчүн жыл сайын колдонулат. Жайыттардын абалын жакшыртуу боюнча иштерди улантуу жана көрүлүп жаткан чаралардын эффективдүү болуусу үчүн жайыттардын абалына мониторингди жыл сайын жүргүзүү пландалууда.

**12-таблица**

| № | Участоктун аталышы | Жайыттын тиби | Пайдалануу сезону | Аянты, га | Мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө тандалып алынган участоктордун аталышы | Жылдар боюнча мониторинг жана баалоо жүргүзүү | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | 20__ | 20__ | 20__ | 20__ | 20__ |
| 1 | Төшбашат | Жаз куз | Жаз куз | | | x | x | x | x | x |
| 2 | Үңкүр | Жаз куз | Жаз куз | | | | | | | |
| 3 | Ак Сай | Жаз куз | Жаз куз | | | | | | | |
| 4 | Жоош | Жаз куз | Жаз куз | | | | | | | |
| 5 | Беш булак | Жаз куз | Жаз куз | | | x | x | x | x | x |
| 6 | Чыркапак | Жаз куз | Жаз куз | | | | | | | |
| Всего: | | | | | | | | | | |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 7 | | | | | | | | | | |
| 8 | | | | | | x | x | x | x | x |
| **Всего:** | | | | | | | | | | |
| 9 | | | | | | | | | | |
| 10 | | | | | | x | x | x | x | x |
| 11 | | | | | | | | | | |
| 12 | | | | | | | | | | |
| 13 | | | | | | x | x | x | x | x |
| 14 | | | | | | | | | | |
| **Всего:** | | | | | | | | | | |
| 15 | | | | | | x | x | x | x | x |
| **Всего:** | | | | | | | | | | |
| **Итого:** | | | | | | | | | | |

Жайыттардын абалынын мониторинги жана баалоосунун жыйынтыктары (шаблон) жылдар боюнча ушул Excel программасындагы "Мониторинг жана баалоо" таблицалары менен толтурулат.

Мониторинг жана баалоо таблицасы.

### 4.3 Жайыттарды пайдалануу планы

Жайыттардын абалын жакшыртуу үчүн жазгы-күзгү жайыттардын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу максатында ирэттүү жайыт пайдалануу эрежелерин сактоо жана малдын саны жайыттын сыйымдуулугуна туура келүүсүнө көзөмөл кылуу пландалууда. Жайыттарды которуштуруу планы Жайыттардын абалына мониторинг жана баалоо жүргүзүүнүн (ЖАМБЖны 3-тиркемеден толук тааныша аласыздар) жыйынтыктарынын негизинде женил деградацияга учураган участокторду узак мөөнөттүү же 50% эс алдыруу боюнча иш-чаралар төмөндөгү 13-таблицада көрсөтүлгөн.

**2026 – 2030-жалдарга карата жайыт которуу графиги**

**13-таблица**

| Участоктордун аталышы | Жайыт аянты, га | Пайдалануу мезгили | Жылдар | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 20__ | 20__ | 20__ | 20__ | 20__ |
| | | Жай | мал жайуу эрежесин сактоо м/н | мал жайуу эрежесин сактоо м/н | мал жайуу эрежесин сактоо м/н | мал жайуу эрежесин сактоо м/н | мал жайуу эрежесин сактоо м/н |
| | | Жаз, жай | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу |
| | | Жаз, жай | | | | | |
| | | Жай | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | | | | |
| | | Жыл бою | 50% эс алдыруу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу |
| | | Күз, кыш | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | 50% эс алдыруу | 50% эс алдыруу | | |
| | | Күз | | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | | 50% эс алдыруу | |
| | | Күз, кыш | | | мал жайуу эрежесин сактоо м/н пайдалануу | | 50% эс алдыруу |
| Жалпы | 0 | | | | | | |

**4.4 Башка максаттарда жайыттарды башкаруу жана пайдалануу планы**

Жайыт пайдалануучулар ________________айыл аймагынын кышында малга тоют үчүн чөп жыйнашат жана …………………. ж.б. Ошондой эле картада жер тилкелери башка максаттарга пайдаланылат (картада сөзсүз түрдө көрсөтүү керек).

**14-таблица**

| № | Участоктордун аталышы | Участоктун жайыт аянты, га | Алардын ичинен жайыттарды башка максаттарда пайдаланууга берилген аянты, га | | | | | | | | |
